

# USAIDДИН «ИЙГИЛИКТҮҮ АЙМАК 2» ДОЛБООРУ

## Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨБ) органдарынын калкка кызмат көрсөтүүдө натыйжалуулугун жана жоопкерчилигин жогорулатуу аркылуу калктын жашоо сапатын жакшыртууга багытталган.

Долбоор Кыргызстандын төрт облусундагы муниципалитеттерге жардам берет.

USAIDдин долбоору менен өнөктөш болгон муниципалитеттер суу менен камсыздоо, таштандыларды чыгаруу жана коомдук жайларды пайдалануу сыяктуу негизги муниципалдык кызматтарды натыйжалуу көрсөтүү үчүн башкаруу ыкмаларын жакшыртышат.

Муниципалитеттер тийиштүү тарифтерди киргизүү, кирешелерди көбөйтүү, жергиликтүү ишкерлер менен кызматташуу жана санариптик технологияларды колдонуу аркылуу бул кызматтардын каржылык туруктуулугун жогорулатышат.

Долбоор муниципалдык кызматтардын сапаты тууралуу жарандардын пикирлерин билдирүүгө үгүттөө аркылуу ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин күчөтүү максатында иш алып барат. Муниципалитеттер жергиликтүү бюджеттерди көзөмөлдөөдө жарандардын катышуусун жакшыртышат.

Долбоордун алкагында республикалык жана аймактык иш-чаралар аркылуу муниципалитеттер кызмат көрсөтүү боюнча тажрыйба жана алдыңкы практикалар менен алмашат. Алар жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүнүн эң мыкты жолдорун изилдөө жана ишке ашыруу үчүн биргеликте иштешет.

**ИШКЕ АШЫРУУ МӨӨНӨТҮ:**
Сен. 2021 – Сен. 2025

**БЮДЖЕТ:**
4.9 млн. АКШ доллары

**ИШКЕ АШЫРУУЧУ УЮМ:**
Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)

**НЕГИЗГИ ӨНӨКТӨШТӨР:**
East-West Management Institute/ ЖӨБ Союзу/ Борбор Азиянын жергиликтүү башкаруу академиясы/ «Интернет саясаты боюнча жарандык демилге» коомдук фонду / «Жарандык катышуу» фонду/ Интербилим-Ош/ Жарандык демилгелерди илгерилетүү альянсы

**ДОЛБООР КАМТЫГАН АЙМАК:**
Жалал-Абад, Нарын, Ош жана Ысык-Көл областтары

**БАЙЛАНЫШ ҮЧҮН ДАРЕК (USAID):**
Тимурлан Байсеркеев
tbaiserkeev@usaid.gov

**БАЙЛАНЫШ ҮЧҮН ДАРЕК (ӨСИ):**
Сабина Градваль
sgradwal@dpi.kg

Долбоор улуттук деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын бекемдөө боюнча практикалык чараларды жана мыйзамдарды иштеп чыгуу боюнча демилгелерди колдоого алат.